УДК:316.334.3(575.2)

***Сейитбаев Б. Т.** – БГУнун саясат таануу жана укук дисциплиналары кафедрасынын башчысы, саясий илимдеринин кандидаты, доцент*

ПОСТНОМАДДЫК МЕЙКИНДИКТЕГИ САЯСИЙ ЭЛИТА ЖАНА ЭТНОИДЕНТТҮҮЛҮК МАСЕЛЕЛЕРИ

ПОЛИТИЧЕСКАЯ ЭЛИТА И ПРОБЛЕМЫ ИДЕНТИЧНОСТИ В ПОСТНОМАДНОМ ПРОСТРАНСТВЕ

POLITICAL ELITE AND PROBLEM OF IDENTITY IN THE SPACE OF POST-NOMADS

***Аннотация:** Аталган макалада мамлекетибиздин көз карандысыздык мезгилиндеги Кыргызстанда постномаддык этноиденттүүлүк маселелери жана анын саясий элитанын калыптануусуна тийгизген таасирлери талдоого алынат.*

***Түйүндүү сөздөр:** элита, саясий элита, бийлик, мамлекет, коом, саясат, партия, демократия, этнос, идентүүлүк;*

***Аннотация:** В данной статье анализируется проблема этноидентичности постномадов и её влияния на формирования политической элиты в период независимости Кыргызстана;*

***Ключевые слова:** элита, политическая элита, власть, мамлекет, коом, саясат, демократия, партия, этнос, идентичность;*

***Summary:** In this article analyzed problems of ethno-identity of post-nomads and its influence to the formation of political elite in the period of independence of Kyrgyzstan;*

***Key words:** elite, political elite, power, state, society, politics, democracy, political party, ethnos, identity;*

Постномаддык мейкиндиктеги Кыргызстан укуктук мамлекеттин негизиндеги жарандык коомго багыт алуу процессинде коомдук мамилелердеги адамдардын жүрүм-туруму жана алардын баалуулуктары да ар тараптан өзгөрүүлөргө алып келди. Атай кетсек, өткөөл мезгилиндеги өлкөбүздө ар кандай жаңы социалдык катмарлар пайда болуп, жаңы демократиялык багыттагы мамлекеттик бийлик менен башкаруу системасы калыптана баштады. Заманбаптагы саясий элитанын калыптанышы жана уруучулук маселелери өлкөбүздөгү коомдук-саясий өзгөрүүлөрүнө түздөн-түз байланышы бар экендигин турмуш чындыгы айгинелей алат. Анткени, кыргыз элинин тарыхындагы рухий дүйнө-таанымында уруучулук мамилелери чоң мааниге ээ болуп келгендиктен, азыркы мезгилде, күнүмдүк турмуш-тиричилигинде да, ал тургай, социалдык-экономикалык жана саясий чөйрөдө да, бул көрүнүш маанилүү орунду ээлеп келгендиги баардыгыбызга белгилүү.

Ушуга ылайык, мамлекетти башкаруу системасындагы саясий элитанын калыптануусу менен ага болгон трайбализмдин таасирдүүлүгүнүн маани-маңызы тууралуу теориялык маалыматтарды интерпретациялоо абзел.

Кыргыз элинин жаңы доордогу көз карандысыздыкка жетишүүсү менен кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануусунун башаты Кыргызстандын экс-президенти Аскар Акаевдин башкаруу мезгилине туш

келди. Ал тарабынан жүргүзүлгөн демократиялык реформалардын аракеттери республикабыздагы саясий кландуулуктун калыптанышына, жарандардагы уруучулук жана чөлкөмчүлдүк идентүүлүктүн күч алып, курчушуна негиз түздү. Этноидентификациялык факторлорунун күч алуу процессине Борбордук Азиядагы 1980-жылдардын экинчи жарымында башталган улуттук аң сезимдин жогорулашы негиз болду. Улуттук аңсезимдин өсүшү прогрессивдүү этносоциалдык, психологиялык жараян болгону менен саясатташуунун маңызына негизделген идентешүү - уруучулук, кландуулук жана чөлкөмчүлдүк сыяктуу терс көрүнүштөрдүн калың элдин арасында кеңири тарап кетишине түрткү берди. Мындай массалык аң-сезимге жагымсыз таасирдин жайылышы социалдык-экономикалык кыйынчылыктын, саясий, рухий кризистин коштоосуу менен арбыганга себеп болду.

Тарыхый мезгилге токтолсок А. Акаевдин башкаруу мезгилинде, оппозициялык партиялар ички биримсиздигине карабастан маанилүү маңызга ээ боло баштаган эле. Көп партиялуулук системасы 1985-жылы башталып СССРдин кайра куруусунун натыйжасында жандануу менен, XX кылымдын 90-жылдарынын башында 12 саясий партия жана бир нече коомдук-саясий кыймылдар каттоодон өтүүгө жетише алышкан эле. Бирок, Акаевдин башкаруу учурундагы 1995-ж. жана 2000-жылдардагы Жогорку Кеңешке болгон шайлоолордо республикабыздагы саясий оппозиция толук деңгээлде калыптана элек болчу. 1995-жылдагы парламенттик шайлоодо партиялар жеке инсандардын гана кызыкчылыгын коргогондуктан, шайлоочулардын добушун сатып алуу жана коррупциялык схемалар менен коштолду. Натыйжада, коррупцияга негизделген кландуулук, айрым жерлерде ири уруулардын ортосундагы генеалогиялык тирешүүлөргө чейин алып келди. Мисалга алсак, Таластагы кушчусаруу тирешүүлөрүн белгилеп кетүүгө болот. Кыргыз коомчулугундагы уруучулук фаворитизм, ошол мезгилде мамлекеттин деңгээлге чейин жетүүгө үлгүрдү. Ал тургай, Президенттин генеалогиялык тамырынын келип чыгышынын териштирүүгө чейин баруу да актуалдуу маниге ээ болуп, ошого таянуу менен саясий элитанын абройун көтөрүүгө аракет жасалган кошкөйлүк мамилелер күч ала баштады.

Негизинен, өткөөл мезгилдин алгач мезгилинде биринчи кезекте уруучулуктан да сырткары жердешчилик күч ала баштагандыгы баардыгыбызга маалым, жана анын таасири кеңири тараганы көп фактылар аркылуу коомчулукка белгилүү. Ушуга ылайык, айрым партиялар, жердешчилик, уруучулук топтордун кызыкчылыгын коргой баштоо менен, чөлкөмчүлдүк идентүүлүктү да күчөтө баштады. Бул процесстин өзгөчө Кытайга берилип кеткен Үзөңгү-Кууш маселесине тийгизген терс таасиринин натыйжасында, Аксы окуясына түрткү берип, саясий бийликтегилердин кадр саясатындагы Түндүк – Түштүк мамилесин курчутууга алып келди. Мындан сырткары, бийлик бөлүштүрүүдөгү Түндүк-Түштүк маселесинин курчушу, чөлкөмдөрдүн ичиндеги келишпестиктерге жана уруулар ортосундагы жагымсыз тирешүүлөргө түрткү болуп, жалпы кыргыз элинин идентүүлүк тамырына сокку берди.

Кыргыз элинин тарыхындагы рухий дүйнө-таанымында уруучулук мамилелери чоң маниге ээ болуп келгендиктен, ушуга байланыштуу, коомдук-саясий илимдердеги негизги маселелердин бири идентүүлүк факторлордун деңгээлин аныктоо орчундуу орун ээлейт. Салттуу коомдун анык тамырын түзгөн жамааттык аң сезимдин, жеке аң сезимден жогору турушу уруучулук деңгээлдеги биримдиктин күчтүү фактору катары, этноидентүүлүк баскычтагы ар түрдүү идентүүлүктүн кеңири таралышына негиз болду. Уруучулук идентүүлүктөгү патронаждык-клиенталдык мамилелердин күчөшү «өз киши» жана «жат киши» принцибине басым кылууга алып келип, уруучулук, чөлкөмчүлдүктүн негизинде адамдар саясий топтордун алкагында трайбализм мамилелерин чыңдоого алып келди.

Трайбализмдин тамырындагы мен киммин, биз кимбиз, кимдер менен биздин идентүүлүк тамырыбыз бар? Кимдер менен айырмабыз бар? Деген суроолор азыркы мезгилде абдан терең, кенири изилдөөгө түрткү берип, бир топ илимий багыттын изилдөөчүлөрүнүн көңүлүн бурууда. Ошону менен бирге, саясат таанучулардын көз караштары саясий идентүүлүк маселесине кайрылуусу бекеринен эмес. Учурдагы мамлекетибиз дуушар болуп жаткан саясий-социалдык кырдаалдын жалпы эл биримдигине, мамлекеттин бүтүндүгүнө, жалпы этноидентүүлүктүн тамырына терс таасирин тийгизген маселе изилдөөчүлөрдүн проблематикага комплекстүү кайрылуусуна муктаж экенин тастыктайт.

Азыркы замандын шартында уруучулук маселеси менен андагы саясий күчтөрдүн, элитанын ордун, маани-маңызын, калыптанып өнүгүүсүн калын калктын саясатташып баратканын изилдеп иликтөө учурдун талабына ылайык. Мындай кырдаалда этноидентүүлүк проблематикасынын актуалдуулугу күчөп, саясий идентүүлүк илимий багыттагы чоң көйгөйлүү маселесине айланганы эл ичиндеги биримдик факторлорун аныктоону талап кылат. Саясий идентүүлүк маселеси илимий жактан алганда эң эле татаал категориялардын бири жана бул жөнүндө саясат таанучулардын арасында ар кандай ой-пикирлер айтылууда. Изилдөөчүлөрдүн кээ бири заманбап учурундагы адамдардын топко биригүүсүн саясий партиялардын идентүүлүккө умтулганында деп карашса, башкалары кеңири карап саясий идентүүлүктү социомаданий же цивилдик идентүүлүккө теңешкени белгилүү.

Саясий күчтөр иш аракеттерин ич ара таймашууга жумшап этноидентикалык тамырдын ичкерүүсүнө түзмө түз таасирин тийгизип, саясий партиялардын тез көбөйүшүнө алып келип кыргыз элинин ынтымагынын ыдырашына коркунуч жаратты. Эң эле чоң көйгөй, партиялардын санынын көбөйүшү ар бир саясий топтун жетекчисинин «мен» анан «булар» деген жеке баалуулук принцибине таянуу менен калк ичиндеги бөлүнүп жаруулууга, массалык аң сезимге «биз» жана «тигилер» деген принцибин бекемдөөгө шарт түздү.

Айтор, замандаштарыбыздын жан дүйнөсүндөгү кыргыз этноидентүүлүк факторлордун (бир эл, бир маданият, бир тил, бир мамлекет ж.б) регионалдык, жердешчилик, уруулаштык факторлорго моюн сунуп, бирдиктүү тамырдын жагымсыз таасирлерине дуушар болгону анык мекенчил атуулдардын аң сезимин козгобой койбойт. Адамдар өзүлөрүн кайсы бир топко

уйкаштырганы алардын аң сезиминин, жан дүйнөсүнүн учурга ылайык идентеттешүүгө муктаждык болгон умтулуусун аныктайт. Буга акыркы мезгилдерде өткөрүлгөн социологиялык иликтөөнүн жыйынтыгы далил боло алат.

Мекенибиздеги жарандык идентүүлүктүн дөңгөөлин аныктоо максатындагы массалык социологиялык иликтөөбүздөгү биз кызыктырган **"Сиз өзүңүздү бүгүн биринчи кезекте ким деп эсептейсиз?"-** деген суроо берген элек. Бул суроого берилген жооптордун биринчи кезектеги маанилүүлүгү боюнча алып караганда респондентердин басымдуу бөлүгү - 60,6% биринчи кезекте өзүн өз өлкөсүнүн жараны катары эсептешкендигин билдиришсе, респонденттердин айрым бир бөлүгүнө тиешелүүлөр өздөрүн биринчи кезекте: өзү жашаган жердин тургуну катары – 10,6%; өз улутунун өкүлү катары – 10,0%; өз дининин өкүлү катары - 7,8%; өз облусунун өкүлү катары – 3,6%; түрк элдеринин өкүлү катары – 2,7%; өз уруусунун өкүлү катары – 2,6%; белгилеп кетишкен.

Бул жерде заманбап мезгилде өз өлкөсүнүн жарандыгы катары идентеттешүү көпчүлүк пайызды түзгөндүгү (60,6%) менен катар, жердешчилик (10,6%) менен уруучулук (2,6%) али да болсо сакталып келе жаткандыгы далилденүүдө.

Мамлекеттин саясий системасында адамдардын топ топко, партияларга биригүүсү жалпы жонунан прогрессивдүү процесс. Бирок канчалык топтордун (партиялардын) саны көп болсо, ошончо мамлекеттин ичинде коомчулуктун идентүүлүк негизги факторлорунуна мамилелердин бирдей эместиги дадилденет. Себеби, саясий күчтөрдүн ич ара таймашуудан тышкары, карама-каршылыктын күчөшүнө, ар түрдүү көз караштардын негизинде келишпестикке, кагылышууга алып келери белгилүү. Ушундай кырдаалда мамлекеттик бийликтегилердин партиялардын саясий багытын пайдалануунун болгон аркеттеринин натыйжасында өкмөттүк - А. Акаевдин тушундагы «Алга Кыргызстан», К. Бакиевдин тушундагы «Ак-Жол» партияларынын жасалма түрүндө түзүлүп коомчулукка таануулануышына алып келди. Мындай аракет, мамлекеттик бийлик тарабынан жалпы улуттук идентүүлүккө алып келүүгө шарт түзбөстөн, саясий бийликтин пайдубалын оппозицияга каршы бекемдөөгө аракет жасалды.

Мамлекеттин турмушунда саясий принциптердин, баалуулуктардын жалпы калктын кызыкчылыгына, муктаждыгына багытталганда коомчулук элдин биримдигин этноидентүүлүктүн тамырында сактап кийинки муундарга күчтүү, бирдиктүү саясий идеологияны тартуулаганга өбөлгө түзөт эле. Тескерисинче, оппозициялык партиялардын күчүн алсыздандыруу максатындагы, саясий бийликтин пайдубалын бекемдөөгө карата түзүлгөн партиялардын негизинде «жасалма идентүүлүктү» таануулого болгон аракет, бийлик партияларына эл ишенимин начарлатып, социалдык базасынын алсызданышына алып келди. Андан да, элдин калың катмарын өтө жакырлантуу, паракордуктун кеңири таралышы, кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануусу өндүү терс көрүнүштөр массалык аң-сезимин оппозиция багытына күч алгандыгы белгиленди.

Ал эми, саясаттын идеологиялык вакуумунун боштугун кландуулукка, чөлкөмчүлдүккө, уруучулук-тууганчылыкка негизделген идентеттешүү менен непотизм жана патронаждык клиенталдык мамилелелер сыяктуу терс көрүнүштөр коштоп турду. Улуттук аң-сезимдеги салттык маданияттын кайра жаралуусундагы идентеттешүү жараянын өткөн тарыхый мезгилдердеги инсандардын – уруу башчыларынын, уруу баатырларынын, бай-манаптардын атак-даңкын даңазалоо аркылуу аш-тойлорду өткөрүү, эстелик тургузуу сыяктуу мамлекеттик жооптуу кызматкерлер тарбынан жүргүзүлгөн иш-чаралар көнүмүш адатка айланды. Ошону менен бирге, жогорудан төмөндү карай уруучулук-кландык принципте калыптанган бийлик бир чети, коомдун саясий жана экономикалык турмушунун туруктуулугун сактоого аркет жасаса, экинчи жагынан айрым бир кландын колдоосуна ээ болгон чиновниктердин бийликтеринин көзөмөлдөн чыгуусуна, бийлик вертикалындагы коррупциянын күчөшүнө алып келди.

Ушуга байланыштуу, өлкөбүздүн социалдык-экономикалык чөйрөсүндөгү уруучулук идентеттешүүдөгү клиенталдык-кландык байланыштардын бир нече моделин белгилей кетсек болот. **Биринчи модель** көбүнчө традициялык мамилелердеги түздөн-түз административдик-командалык жөнгө салуу менен бюрократиялык фаворитизмге негизделет. Мисалы 1991–92-жылдардагы жер ресурстарын бөлүштүрүүдөгү программаларды ишке ашырууда губернаторлор кайсы колхоз менен совхоздор рентабелдүү эмес жана алардын жерин бөлүштүрүүдө кимге канча берүү керек экендигин чечүүдөгү чексиз укуктарга ээ болушкан.

Экинчи модель патронаждык-клиенталдык мамилелердин өсүп-өнүгүүсүндөгү бийликтин менчикке айлануусунда. Бул модель мамлекеттик заказдарды берүүдө менчиктештирүү аукциондорун өткөрүүдө лицензияларды берүүдө, отун ресурстарын монополиялоодогу амалкөйлүккө жана ошондой эле ортомчулук кызматтарына байланыштуу. Кирешелүү мамлекеттик ишканаларды саясий жана бюрократиялык элиталардан турган өнөктөштөр аркылуу төмөнкү баада менчикке чыгарып берүү да ушуга кирет. Мындай тажрыйба экономикалык жана административдик номенклатуранын колуна байлыктын өтүшүнө жакшы шарттарды түздү.

Үчүнчү модель патронаждык-клиенталдык мамилелердин өркүндөп өсүүсү чет элдик жардамга келген инвестицияларды бөлүштүрүү менен аны ээлеп калууга байланыштуу.

Буга 2005-жылдагы март окуясына чейин бийликтин жогорку эшелонунда түндүк кландын өкүлдөрү, түштүктүкүнө караганда бир нече эсе көп орунду ээлеп келгендиги күбө боло алат. Алып карасак, 2000-жылдардын башында республиканын баардык күч курамын, өкмөттүн экономикалык тармактарын, президенттик аппараттын даражалуу орундарын, бизнестин негизги чөйрөлөрүн А. Акаевди жактаган түндүк кландын өкүлдөрү түзүшкөн. Бул бийлик пирамидасын Акаевдердин үй-бүлөлүк кланы башкарып, алардын көзөмөлүндө алтын жана башка пайдалуу кендерди иштетүү, сатуу кирип, андан сырткары Бишкектеги кирешелүү ишканалар менен престиждүү дүкөндөр жана соода борборлоруна ээлик кылышкан. А. Акаев өзүнүн кланын келечекке карап бекемдеш максатында "үй-бүлөлүк" "Алга,

Кыргызстан" саясий партиясын түзүп, балдары Бермет менен Айдарды чоң саясатка акырындык менен алып барууга шарт түзө баштаган.

Орусиялык саясат таануучу С. Михеев да мамлекеттик маселелерди чечүүдө президенттин үй-бүлө мүчөлөрүнүн ашынган одонолук киришүүлөрүн, аялынын, балдары менен күйөө баласынын тийгизген таасирлери саясий жүрүштөрдү өзгөртүү үчүн президенттин оң чечимдерди кабыл алуусуна көпчүлүк учурда тоскоолдук кылганын белгилейт. Ошондой эле, ал республиканын саясий турмушуна кландардын терс таасири тийишине кооптонуп, Акаевдин бийликтен кетиши менен бирге кырдаал оңолбостон, тескерисинче болушу мүмкүн, анткени азыр кландар бардыгы тең чексиз үстөмдүк кылууга аракет жасашаарын. Ал эми андай ыкманы кайсы гана клан болбосун пайдаланышы мүмкүн деген деген пикирди айтып кеткен.

2005-жылдагы март ыңкылабынын натыйжасында бийликке келген К. Бакиев мурдагы президентин кадр маселесиндеги катачылыктарын аша чаап кайталап, ичкиликтерди гана бийликке тартып тим болбостон, уруучулуктан аша чаап **непотизм** саясатын жүргүзүп, өз бир туугандары менен балдарын мамлекетти башкарууга аралаштыргандыгы менен бүткүл дүйнөгө атагы чыкты. К.Бакиевдин башкаруу мезгилинде ЦАРИ аркылуу өлкөнү чексиз башкарган баласы Максим Бакиевден сырткары, бийликке көбүнэсе анын Жалалабад областындагы жакын туугандары тартылып келди. Кыскасы бир туугандарынын баардыгы тең куру калбастан Айыл өкмөтүнөн тартып Элчилик кызматка чейинки даражаларга жетишип, мамлекетик бийликте патронаждык клиенталдык мамилени андан да жогору өнүктүрүү менен мамлекеттик кызмат тууралуу мыйзам одоно бузулду. Каршы чыккандар куугунтукка алынышып, айрымдары жок кылынды.

Ошентип, Республикабыздын алгачкы эки президенттери башкарган мезгилиндеги демократиялык реформалоонун кыйрашы, эл ишениминин акталбашы, кеңири жайылган кландуулук, коррупция, айлана тегерегине урук-туугандарын, жакындарын чогултуп алышы сыяктуу жагдайлардын кесепеттеринен президенттик институт өзүнүн натыйжалуулугун көрсөтө алган жок. Ошондуктан Кыргызстандын социалдык-экономикалык, коомдук-саясий өнүгүүсүнүн алгачкы этабы, анын натыйжалуу ички булактарын табууну жана ишке ашырылуучу модернизациялануу долбоорун иштиктүү, оптималдуу багыттарын аныктоону, өткөөл мезгилдин социалдык-саясий стратегиясын кайра иштеп чыгуунун зарылдыгын көрсөттү.

Мамлекеттин турмушунда саясий принциптердин, баалулуктардын жалпы калктын кызыкчылыгына, муктаждыгына багытталса коомчулуктун биримдиги этноидентүүлүктүн туруктуу тамырында сакталары шексиз. Ошону менен бирге, саясий күчтөрдүн ролу элдин биримдигине, ынтымагына, жашоо турмушунун денгээлинин жогорулашына жумшалса мамлекетке, мамлекеттик башкаруу системасына, бийликке болгон элдин ишеними жогорулаары талашсыз. Бул маселеге тиешелүү социологиялык сурамжылоонун жыйынтыгын жоп катары кабыл алса болот.Ушуга байланыштуу, респонденттерибизге карата **"Сиз жашооңузда кимдин колдоосуна көбүрөөк ишенесиз?"-** деген сурообузга сурамжылоого катышкандар биринчи кезекте жеке өзүнө – 30,2%; үй-бүлөсүнүн - 29,8%; ата-энесинин – 22,4%; мамлекеттин – 9,4%; туугандарынын – 2,5%; улутташтарынын – 2,0% жана уруулаштарынын – 0,9% колдоосуна көбүрөөк ишенээрин белгелешкен.

Мында азыркы мезгилде учурдагы рынок шартына ылайык, индивидуализм адамдын жашоосундагы социалдык-экономикалык шартка ыңгайланышууда жогорку маниге ээ экендиги инсандын өзүнө-өзү ишенүүсү (30,2%), үй-бүлөсү (29,8%), ата-энеси (22,4%) сыяктуу эң жакындарынын колдоосуна болгон ишенимдери, андан кийин гана мамлекеттин, урук-туугандарынын жана улутташтарынын колдоосуна ишенээри айгинелейт.

Өткөөл мезгилдеги саясий кырдаалдын курчтугуна карабастан Кыргыз мамлекетүүлүгүнүн, кыргыз элинин тарыхый өзгөчөлүк жолу этноидентүүлүгүнүн калыптануусунундагы татаал мезгил эл биримдигинин чыңалышына, туруктуулугуна алып келгени саясий бөлүнүп жарылууга жол бербей тургандыгы анык. Себеби саясий партиялар жалпысынан алганда коомчулуктун регионалдык, уруучулук, жердештик өзгөчөлүктөрүнө басым жасагандары алардын калың элдин ичинде абройлорунун төмөндөшүнө алып келди. Бийликти лидерлер жана алардын топтору аркылуу монополиялоо менен персоналдаштыруу тенденциясын, кландык кадр саясатын күчөтүүгө алып келди. Саясий лидерлердин бийликке умтулуусу, жеке кызыкчылык аракеттеринин тереңдеши коомдук жана саясий институттарга болгон элдин ишеним деңгээлин төмөндөткөнү анык мисал, жана социологиялык иликтөөнүн көрсөткүчтөрүнөн байкасак болот. Сурамжылообуздагы "**Сиз төмөндө көрсөтүлгөн коомдук жана саясий институттарга кандай деңгээлде ишенесиз?"-**деген сурообузга кезектеги жоопторду алууга мүмкүнчүлүгүбүз болду - респонденттердин биринчи кезекте диний уюмдарга (37,4%), куралдуу күчтөргө (34,8%) жана президентке (27,6%), андан кийин көпчүлүк-маалымат каражаттарына (23,0%), жергиликтүү лидерлерге (20,0%) жана эл аралык уюмдарга толук ишенээрин белгилешсе, респонденттерибиздин көпчүлүгүн түзгөн 52,9% саясий партияларга такыр ишенбестигин, 6,3% гана толук ишенээрин белгилеп кетишти. Демек, азыркы учурдагы саясий партиялардын социалдык-саясий тамыры али да болсо борпоң экендигин социологиялык иликтөөлөрүбүздүн жыйынтыктары далилдеп турат.

Идентүүлүк көбүнэсе өлкөгө, ата-журтка, улуу инсандарга урмат көрсөтүү менен, ар тараптуу ийгиликтерге, жетишкендиктерге сыймыктануу, калың калктын ынтымагын кадырлоо менен аныкталаары абзел. Ошону менен бирге, мамлекеттеги терс көрүнүштөр, элдин көйгөйүнүн тереңдеши, саясий жетекчилердин калкка кайдыгер мамилелери жалпы коомдогу уялуу сезимин жаратып массалык аң-сезимдин саясий топтордун жасалма идентүүлүктү элге таңуулагандары партиялардын иш аракеттерине ишенбестикти тереңдетип баратканы мамлекетибиздин прогрессивдүү өнүгүүсүнө тоскоол болуп жатканы анык.

Идентүүлүктүн башаты, белгилүү жапон ойчулу Фукуяма таамай айткандай баштан эле эмес, жүрөктөн келип чыгат дегени акыл-эс, аң-сезим, кан-тамыр ме-

нен байланыштыгын тастыктайт. Жеке адам өзүнүн жана бөтөндүн идентүүлүгүн өткөн мезгилдеги эл баскан тарыхый жол, маанилүү окуя, даңазалуу инсандын ысымы аркылуу белгилөөгө, жана кээ бир учурларды, көрүнүштөрдү көздүн кыры менен кароого умтулат.

Тарыхый идентүүлүктүн тамыры кыргыз элинин биримдигин, мамлекеттүүлүгүн түзүп, сактап, муундан муунга этно-маданий баалулуктарды тартуулоо менен, жаштардын келечегинде туура багыт көрсөткөнгө, бийлик маселесиндеги цивилдик принципиалдуулукка жетишкенге умтулуубуз прогрессивдүү багыт. Уюштуруучулук, башкаруучулук, чарбачылык, таалим-тарбиялык тажрыйбаларын тартуулоо менен бирге, жаштардын заманбапка тиеше муктаждыгын эске алуу керек. Улуу көч кайда барса, кичи көч ошого барат деген элдин таамай айтылган сөзүн унутпай. келечек жаштардыкы экендигине күнөм кылбай, улуу муундун абройуна шек келтирбейли.

Заманбап мезгил, кыргыз элинде миңдеген жылдар бою үзгүлтүксүз сакталып келген рухий баалуулуктардын, тарыхый өнүгүү-өсүшүндөгү өзгөчө менталитеттин, социалдык-маданий салттардын жандалышына түрткү бергендигине зор маани берүү зарыл. Кыргыз менталитетиндеги намыс, уят, абийир, боорукердик, кайрымдуулук адамгерчилик сапаттары көчмөн турмушу менен байланыштуу.

Кыргыздардын этникалык аң-сезиминин уникалдуу, кайталангыс улуу сапаттарынын, касиетинин негизинде элдин жөнөкөй мүнөзүн, жакынына жан тартуусун, ынтымагын бийик кармагандыгы саясий мамилелерге салыштырма жан дүйнөсүнүн тереңирээк жеринде камтылганын эч бир саясий күч тана албайт жана ыдырата албайт.

Адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы.// "Слово Кыргызстана" №49(22498) 8-июль 2010-жыл.

2. Закон Кыргызской республики О государственной службе от 11 августа 2004 г. №114, статья 11, п.7, 9

3. Болпонова А. История и эволюция клановой системы в политических процессах кыргызского общества (XIX-XXI вв.). –Б., 2013.

4. Киргизский переворот. Март-апрель 2005: Сборник/ Сост.: Г.О. Павловский. –М.: Изд-во Европа, -2005. Б. 49.

5. Кыргыз тилинин сөздүгү / А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. –Б.: "AVRASYA JAYNCILIK", 2010.

6. Ханин В. Кыргызстан: этнический плюрализм и политические конфликты// Центральная Азия и Кавказ. -2000. №3 (9). Б.161-162.

7. Тодуа З. Кыргызстан: причины, уроки, возможные последствия падения режима Аскара Акаева // Центральная Азия и Кавказ. -2005. №3 (39). – Б. 21-22.

8. Брюс Панниер. Бакиев продолжает политику непотизма, который был причиной краха Акаева /http://www.pravda.kg/cppanel.php?mod=addnews&action=addnews;.// Методическое пособие для тренеров по применению Руководства по продвижению гендерного равенства в Кыргызстане.-Б.74.

9. Fukuyama F. Identity and Migration // Prospect Magazine. – 2007. – 25 February. –№ 131. – Режим доступа: http://www.prospectmagazine.co.uk/2007/02/identityandmigration/